## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023-окуу жылынын базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө

## БУЙРУГУ

**2022-жылдын 5-августу, №1529/1**

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюмдарында окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023-окуу жылынын базистик окуу пландары тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Райондук жана шаардык билим берүү башкармалыктарына жана бөлүмдөрүнө Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүү уюмдарынын түрлөрүнө жана таандык формаларына карабастан бекитилген базистик окуу пландарынын ишке ашырылышын камсыз кылышсын.

**3.** Ушул буйрукту «Кут Билим» коомдук-педагогикалык газетасынын редакциясы (К.Чекиров) расмий жарыялашын.

**4.** Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектептеги билим берүү жана китеп чыгаруу саясаты башкармалыгына (С.К.Умралиева) тапшырылсын.

**Министрдин орун басары У.Э.МАМБЕТАКУНОВ**

## ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Об утверждении базисных учебных планов на 2022-2023 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики

**№1529/1, 5 августа 2022 года**

В целях организации и проведения учебно-воспитательного процесса в общеобразовательных организациях в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании» и постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики» от 22 июля 2022 года №393 **приказываю:**

**1.** Утвердить базисные учебные планы на 2022-2023 учебный год для общеобразовательных организаций Кыргызской Республики согласно приложению.

**2.** Районным и городским управлениям и отделам образования обеспечить реализацию утвержденных базисных учебных планов в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики независимо от их типов и форм собственности.

**3.** Редакции общественно-педагогической газеты «Кут Билим» (К.Чекиров) обеспечить официальное опубликование данного приказа.

**4.** Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Управление политики школьного образования и книгоиздания (С.К.Умралиева).

**Заместитель министра У.Э.МАМБЕТАКУНОВ**

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023-окуу жылынын базистик окуу пландарына

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнүн шарттарына жана уюштуруусуна коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптарга (6-тиркеме), ошондой эле билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан.

I-баскычтын базистик окуу планы менен башталгыч жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүлүшү 4 жылдык ченемдик мөөнөткө эсептелген.

II-баскычтын базистик окуу планы менен негизги жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүлүшү 5 жылдык ченемдик мөөнөткө эсептелген.

III-баскычтын базистик окуу планы менен орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүлүшү 2 жылдык ченемдик мөөнөткө эсептелген.

Базистик окуу планы башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн окуу предметтеринин тизмесин жана окуучулардын жашына жараша өзгөчөлүктөрүнө ылайык окуу жүктөмүнүн көлөмдөрүн белгилейт, окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү талаптарын ишке ашырат.

**Базистик окуу планы окуучулардын класстар боюнча жумалык жана чектелген окуу жүктөмүнүн төмөнкү көлөмдөрүн белгилейт:**

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 21 | 23 | 23 | 23 | 28 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 30 |
| Чектелген окуу жүктөмү | 21 | 23 | 23 | 23 | 29 | 30 | 32 | 33 | 33 | 34 | 34 |

Мамлекеттик компонент (инварианттык) базистик окуу планынын базалык бөлүгүн түзүп, Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү мектептик билим берүү мейкиндигин камсыз кылат жана түрлөрү менен ведомстволук таандыгына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болуп эсептелинет. Мамлекеттик компонент окуучуларды жалпы билимге даярдоонун базалык деңгээлин өздөштүрүүгө, активдүү турмуштук көз караштагы инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн аларды улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктарга тартууга кепилдик берет.

Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн негизги жалпы программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартууга жана мамлекеттик компоненттин окуу предметтерине чегерилген окуу сааттарын башка окуу предметтерди окутууга өткөрүп берүүгө жол берилбейт.

Базистик окуу планынын мектептик компоненти (инварианттык) жалпы билим берүү уюмунун өзгөчөлүктөрүн (багытын) чагылдырат жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдашылган кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн туюнтат. Мектептик компонент мамлекеттик компоненттеги окуу предметтерди тереңдетип окутуу боюнча окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) социалдык буйрутмасын ишке ашырат жана жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча иштелип чыгат.

«Тандоо боюнча предметтер» компоненти (вариативдик) – бул гимназиянын/лицейдин багыттарын аныктаган жана окуучуларга тандап алууга милдеттүү тартипте сунушталуучу окуу предметтер же элективдик, профилдик курстар.

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында базистик окуу планынын компоненттерин (мамлекеттик, мектептик жана тандоо үчүн предметтер) тийиштүү бюджеттердин эсебинен (республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден, менчиктин жеке формаларынын каражаттарынан) каржыланат.

Окуучулар окуу үчүн чектелген жумалык окуу жүктөмдүн көлөмүнөн ашпаган окуу жүктөмдөгү предметтерди тандап алышат.

Жалпы билим берүү уюмдары ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен окуучуларга базистик окуу планынан тышкары окуу предметтерин тереңдетип окутуу үчүн кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу. Кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын бааларынын прейскуранты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарын каржылоонун жан башына принцибине которуу жөнүндөгү» 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтомуна ылайык жыл сайын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринин болжолдуу штаттарын бекитүү жөнүндөгү" 2018-жылдын 23-июлундагы №336 токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюмдарынын штаттарынын бирдиктери (ставкалары) алардын окуучуларынын санына байланыштуу болот.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барбаган балдарды мектепке даярдоо максатында 480-сааттык «Наристе» мектепке чейинки программасы ишке ашырылат.

Базистик окуу планын ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган негизги жалпы билим берүү программалары жана окуу-методикалык комплекстери пайдаланылат.

«Кыргыз тили», «Орус тили», «Өзбек тили» жана «Тажик тили» предметтери эне тили катары 1-класстан баштап, 11-класска чейин окутулат. Кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептерде «Кыргыз тилин», «Орус тилин» экинчи тил катары окутуу үчүн аныкталган окуу сааттарынын саны конкреттүү мектептин окутуу тилине байланыштуу.

Чет тили 3-11-класстарда окутулат. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-класстарында чет тилин үйрөтүүгө жумасына 4 саат; 6-7-класстарга – 3 сааттан; 3, 4, 8-11-класстарга жумасына 2 сааттан бөлүнгөн.

Окутуу өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүү аркылуу чет тилин окутуу сааттары көбөйтүлүшү мүмкүн.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5, 6, 8-класстарына «Кыргыз адабияты» предметин окутууга жумасына 2 сааттан, 7, 9-11-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнгөн. Орус, өзбек, тажик тилдеринде окуткан мектептердин 5-11-класстарына «Кыргыз адабияты» предметин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

Орус тилинде окуткан мектептердин 5-9-класстарына «Орус адабияты» предметине жумасына 2 сааттан, 10, 11-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнгөн. Кыргыз тилинде окуткан мектептердин 5-6-класстарына «Орус адабияты» предметине жумасына 1 сааттан, 7-11-класстарына жумасына 2 сааттан бөлүнгөн.

Өзбек жана тажик тилдеринде окутушкан мектептердин 5-11-класстарына "Кыргыз адабияты" жана "Орус адабияты" предметтерин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүндү.

Окутуу өзбек/тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-классы үчүн "Өзбек/Тажик адабияты" предметин окутууга жумасына 2 сааттан, 6-11-класстарына жумасына 1 сааттан бөлүндү.

«Тарых» предмети 5-класстан 11-класска чейин жумасына 2 саат менен окутулат. «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары ырааттуу бир предмет катары окутулат жана класстык журналда «Тарых» деген жалпы аталышы жазылат. 9 жана 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү «Кыргызстан тарыхы» сабагынан мамлекеттик экзамен тапшырышат.

«Адам жана коом» предмети 5-6 жана 9-11-класстарда окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 7-июнундагы №177 Жарлыгына ылайык дин таануу жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана өспүрүмдөрдүн диндер боюнча сабаттуулугун жогорулатуу максатында 2022-2023-окуу жылынан баштап 9-класска "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети киргизилип, аны окутууга жумасына 1 саат бөлүнгөн. "Диндердин өнүгүү тарыхы" предмети Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуштаган жалпы билим берүү программасы жана окуу-методикалык комплекси боюнча окутулуп, аны Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн теологдор жана «Тарых» предметинин мугалимдери окутушат.

«Математика» предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат. 7-11-класстарда «Алгебра» жана «Геометрия» предметтери боюнча сабактар өзүнчө өтүлүп, класстык журналда өзүнчө жазылат.

«Мен жана дүйнө» интеграцияланган предмети 1-4-класс-

